**КР БШК торайымы Н.Шайлдабековага**

Кадамжай районунун Орозбеков а/о
Орозбеков айылынын Анаркулов кочосунун
тургуну А.Назарбаевден, 0778969053

**Арыз**

2021-жылдын 11-апрель куну КР аймагында жергиликтуу Кенештерге шайлоо болуп отту. Алардын катарында Кадамжай районунун Орозбеков а/о №8173 шайлоо участкасында мен дагы талапкерлигимди коюп, 158 добуш алып, 3 болуп оттум.

Тилекке каршы, Кадамжай АШКсы КР «Жергиликтуу кенештердин депутаттарын шайлоо жонундо» Мыйзамынын (Мыйзам) 59-1 беренесин туура эмес колдонуп, гендердик тендик болушу керек деген негизсиз шылтоо менен, мага депутаттык мандат берилбестигин, менин ордума 79 добуш алган Эргешова Кайринса наамдуу жаранга депутаттык мандат тиерин билдиришти. Кадамжай районунун Орозбеков а/о №8173 шайлоо участкасынан 4 депутаттык мандат каралган.

Мыйзамдын 59-1 бер., 1-бол., «Айылдык кеңештердин депутаттарын шайлоону өткөрүү үчүн ар бир айылдык кеңеш боюнча аялдар үчүн айылдык кеңештин депутаттарынын мандаттарынын 30 пайыздан аз эмеси резервге калтырылат» деп корсотулгон. Башкача айтканда, белгиленген мыйзам ченемине ылайык - 4 депутаттык мандат ичинен, гендердик тендик сакталуусу учун 1 аял киши депутаттык мандат алуусу зарыл. Ал эми баяндалган учурда, 4 мандаттуу Кадамжай районунун Орозбеков а/о №8173 шайлоо участкасынан 2 аял кишиге да депутаттык мандат берилет деп, алынган добуштар эске алынбай, биринчи кезекте мага ишеним арткан жергиликтуу шайлоочулардын укуктары, менин укуктарым да одоно турдо бузулууда.

КР Конституциясынын 16-бер., адам укутары жонундо белгиленип, «Кыргыз Республикасында эркектер менен аялдар бирдей укуктарга жана эркиндиктерге, аларды ишке ашыруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ» деп корсотулгон.

КР Конституциясынын 20-бер., «Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин жокко чыгаруучу же кемсинтүүчү мыйзамдар кабыл алынбашы керек» деп белгиленген.

Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө №241 Мыйзамынын 6-бер., 2-бол., «Ченемдик укуктук акт өзүнөн жогору юридикалык күчкө ээ болгон ченемдик укуктук актыга каршы келбеши керек» деп корсотулгон.

Ушул эле Мыйзамдын 32-бер., 1-бол., «Ченемдик укуктук актылардын ортосунда коллизия болгон учурда укуктук мамилелердин субъекттери жогору юридикалык күчкө ээ болгон ченемдик укуктук актынын ченемин жетекчиликке алат» деп айтылган.

Негизинен алганда, гендердик саясатты жонго салган мыйзамдын озу, КР «Жергиликтуу кенештердин депутаттарын шайлоо жонундо» Мыйзамынын (Мыйзам) 59-1 беренеси - учурда колдонулуп жаткан Конституциябыздын ченемдерине каршы келет.

Андыктан, 4 мандаттуу Кадамжай районунун Орозбеков а/о №8173 шайлоо участкасынан 158 добуш алуу менен 3 кезек менен элимдин, шайлоочуларымдын ишенимине ээ болуп алган депутаттык мандатымды беруунуздорду суранам.

Жогоруда баяндалган менин Кадамжай АШКсы тарабынан мыйзамдуу укуктарым КР БШКсы тарабынан да бузулса, сот органдарына кайрылуу укугум менен колдоноорумду билдирем.

Абдинаби Назарбаев

29.04.2021-жыл.

КР БОРБОРДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № 11-213
29 04 2021 ж/г